**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗСТАН ИСЛАМ УНИВЕРСИТЕТИ**

**ГУМАНИТАРДЫК БИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ**

| **КАРАЛДЫ** | **БЕКИТЕМИН** |
| --- | --- |
| Окумуштуулар кеңешинин № 2 протоколу | Кыргызстан ислам университетинин ректору, проф. |
| | _______________ Нарматов А.И. |
| "22" ___12___ 2023-ж. | "22" ___12___ 2023-ж. |

**КЫРГЫЗСТАН ИСЛАМ УНИВЕРСИТЕТИНИН**

**БИЛИМ АЛУУЧУЛАРЫН УЧУРДАГЫ КОНТРОЛДОО ЖАНА ОРТО АРАЛЫК АТТЕСТАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ ЖОБО**

Бишкек-2023

## 1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБО

1. Бул Жобо Кыргызстан Ислам Университетинин (мындан ары – Университет) билим алуучуларын учурдагы контролдоо, орто аралык аттестациялоо жана академиялык карыздарды жоюу тартибин аныктайт.

2. Билим алуучуларды учурдагы контролдоо жана орто аралык аттестациялоо (зачетторду, экзамендерди, модулдарды, текшерүү иштерин, рефераттарды, баяндамаларды, оозеки суроолорду кабыл алуу) – билим алуучунун окуу материалын ЖОЖдор үчүн мамлекеттик стандарттарда каралган билим берүүнүн минимумуна жана Университеттин бүтүрүүчүлөрүнө коюлган талаптарга ылайык өздөштүрүүсүн текшерүү болуп саналат.

3. Учурдагы контролдоо – семестр ичиндеги дисциплинанын логикалык жактан аяктаган бөлүмдөрү (модулдар, главалар) боюнча билим алуучунун билимин текшерүү. Ал оозеки суроо, реферат, доклад, текшерүү иши, модулдук баалоо түрүндө жүргүзүлөт.

4. Орто аралык аттестациялоо – семестр соңунда (экзамендик сессияда) жеке окуу планда каралган дисциплиналар боюнча экзамендерди жана зачетторду тапшыруу аркылуу билим деңгээлин милдеттүү контролдоо.

5. Учурдагы контролдоонун жана орто аралык аттестациялоонун формасын Университет өзү аныктайт жана бул жөнүндө билим алуучуларга семестр башталар алдында маалымат берилет.

6. Экзамен – билимдин жана окутуунун сапатын баалоонун негизги формаларынын бири. Экзаменде билим алуучунун семестр ичиндеги иши, теориялык материалды өздөштүрүүсү, аналитикалык жана практикалык жөндөмү текшерилет.

7. Экзамен каралбаган дисциплиналарда зачет – билим алуучунун теориялык билимин жана лабораториялык, практикалык, семинардык иштерди аткаруусун текшерүү формасы.

8. Билим алуучулардын жетишүүсүн баалоо баллдык-рейтингдик система аркылуу жүргүзүлөт. Баллдык шкаланы Университет өз алдынча иштеп чыгат.

9. Факультативдик дисциплиналар боюнча экзамендерди жана зачетторду билим алуучу каалоосу боюнча тапшырат; натыйжалары ведомостко, зачеттук китепчеге жана дипломдун тиркемесине киргизилет.

## 2-БӨЛҮМ. ОРТО АРАЛЫК АТТЕСТАЦИЯЛОО ТАРТИБИ

10. Учурдагы контролдоо жана орто аралык аттестациялоо окуу иштери боюнча проректор бекиткен окуу жылдык академиялык календарга ылайык жүргүзүлөт.

11. Айрым дисциплиналар боюнча учурдагы контролдоодон толук өтпөгөн билим алуучулар ошол дисциплина боюнча экзамен тапшырууга киргизилбейт, бирок башка дисциплиналар боюнча экзамен тапшыра алышат.

12. Сырттан окуу формасында факультет (институт) жетекчилери билим алуучуларга контролдук иштерди тапшыруу жана курстук долбоорлорду жактоо мөөнөттөрүн жекече белгилөө укугуна ээ.

13. Жакшы окуган студенттер үчүн кафедранын сунушу менен факультет (институт) жетекчиси айрым дисциплиналар боюнча жеке мөөнөттөрдү белгилеп, экзаменге сессия башталганга чейин уруксат бере алат.

14. Экзаменге жана зачетко келгенде билим алуучунун зачеттук китепчеси болушу милдеттүү.

15. Экзаменди лекция окуган окутуучу (профессор, доцент, улук окутуучу) жана анын ассистенттери кабыл алышат. Кафедра чечими менен сабактын башка түрлөрүн өткөн окутуучулар катыша алышат.

16. Зачетторду дисциплинаны практикалык, семинардык же лабораториялык түрдө өткөн окутуучу кабыл алат.

17. Курстук долбоорлорду, эсептик-графикалык ишти жана практика отчетун жактоо кафедра тарабынан түзүлгөн комиссияда жүргүзүлөт.

18. Бардык баалоо натыйжалары Университет иштеп чыккан баллдык-шкала боюнча коюлат.

19. Экзамендерди өткөрүү формасы жана баалоо критерийлерин Университет аныктайт.

20. Проректордун же факультет жетекчисинин уруксатысыз экзамендерге тиешеси жок адамдардын катышуусуна тыюу салынат.

21. Дисциплинаны бир нече окутуучу өткөн учурда экзаменди алардын бардыгы кабыл алат, бирок бирдиктүү баа коюлат.

22. Экзамен жана зачет жыйынтыктары ведомостко жазылат. Дайындалган убакта катышпоо «келген жок» деп белгиленет. Жүйөсүз себеп болсо – "канааттандырарлык эмес" баа катары каралат.

23. Экзамендердин расписаниеси даярдык үчүн ар бир дисциплина боюнча жок дегенде эки күн калтырылып түзүлөт. Сессияда эң көп 5 экзамен жана 6 зачет каралат. Расписание проректор тарабынан бекитилет жана бир ай мурда жарыяланат.

24. Экзамендик сессиянын жыйынтыктары университеттик жана факультеттик кеңештерде талданат; окутууну жакшыртуу боюнча чаралар көрүлөт.

## 3-БӨЛҮМ. АКАДЕМИЯЛЫК КАРЫЗДЫ ЖОЮУ ТАРТИБИ

25. Сессия аягында жок дегенде бир дисциплина боюнча "канааттандырарлык эмес" баа алган студент академиялык карызга ээ деп эсептелет.

26. Жүйөлүү себептер (ооруу, үй-бүлөлүк жагдай, иш сапар, табигый кырсык) бар болсо, факультет (институт) жетекчисинин буйругу менен экзамен жана зачет тапшыруунун жекече мөөнөттөрү берилет.

27. Негизсиз "канааттандырарлык эмес" баада студент орто аралык аттестацияны кайталап тапшыра албайт. Бирок дисциплинаны кайра окуп, академиялык карызын Университет белгилеген мөөнөттө жоюуга укуктуу.

28. Жакшы бааны («жакшы», «канааттандырарлык») жогорулатуу үчүн кайра тапшырууга тыюу салынат.

29. Артыкчылык диплом алуу үчүн "жакшы" бааны жогорулатуу окуунун бүтүрүүчү жылында гана, эки дисциплинадан ашпаган өлчөмдө факультет жетекчисинин негиздүү сунушу менен уруксат берилет.

30. Академиялык карыздарды жоюу мөөнөттөрүн факультет (институт) жетекчиси белгилейт. Практиканы жүйөлүү себеп менен өтпөй калган студент кайрадан практика өтүүгө жөнөтүлөт.

31. Студент "канааттандырарлык эмес" баага макул болбой, эки күндүн ичинде апелляция бере алат. Апелляция комиссиясы үчтөн кем эмес окутуучудан турат. Комиссия койгон баа акыркы болуп эсептелет.

32. Башка окуу жайдан которулган же калыбына келтирилген студенттердин мурда тапшырган дисциплиналар боюнча кредиттерин кайра эсептөө дисциплина программаларынын окшоштугуна жараша факультет жетекчиси тарабынан жекече чечилет.